# Нелер гана өтпөдү

Арта калды канчалаган кыйын күн

Көз жаш алып таңды сүргөн айлуу түн

Акылсыздар жекелеп а жерисе

Акылдуулар насаат айткан муңдуу күн

Алтын баштан нелер гана өтпөду

Айрымдары жаман айтып өкүнттү

Азыр дале көз алдыма тартылат

Ошондогу көңүлумдүн чөккөну

Колдо барда байлык–бийлик ыргалып

Келет тура тууган- достор  жыйналып

Кыйынчылык башка түшсө  чыйралтып

Калат тура алар деле талданып

Алтын баштан нелер гана өтпөду

Айрымдары жаман айтып өкүнттү

Кээбирлери коштоп аны дабалап

Жылуу турган көнүлүмдү үшүтту

Кыйын күндөр кеткен кезде айрылып

Айрымдары келди кайра кайрылып

Жылуу сүйлөп жүрөгүмдү куйкалап

Сыйкырчыдай көзуң ирмеп айбагып

Эй адамдар байлык үчун бирөөгө

Кан дос болуп жанашканын унутса

Чон сыноодо таштап кетпей күйуткө

Ынтымакта колдорун а сунушат